DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 10, 2019

ФИЛОЛОГИЯ ИЛИМДЕРИ
ФИЛОЛОГИЧЕСКИЕ НАУКИ
PHILOLOGICAL SCIENCES

Айдарбекова Ч.С.

ЖУСУП БАЛАСАГЫНДЫН «КУТТУУ БИЛИМ» ЧЫГАРМАСЫНДАГЫ ТААЛИМ-ТАРБИЯНЫН ЧАГЫЛДЫРЫЛЫШЫ

Айдарбекова Ч.С.

ОТРАЖЕНИЕ ВОСПИТАТЕЛЬНЫХ ИДЕЙ В ПРОИЗВЕДЕНИИ ЖУСУПА БАЛАСАГЫНА «БЛАГОДАТНОЕ ЗНАНИЕ»

Ch.S. Aidarbekova

REFLECTION OF EDUCATIONAL IDEAS IN THE WORK OF ZHUSUP BALASAGYN «GRACEFUL KNOWLEDGE»

УДК: 81.130.2/153

Макалада Жусуп Баласагындын "Куттуу билим" чыгармасындагы таалим-тарбия идеялары педагогикалык аспектен талдоого алынып, анын Адам тарбиялоодогу ролу тийиштүү мисалдар менен көрсөтүлгөн. Жусуп Баласагын «Куттуу билим» поэмасы негизги эл оозунда алмустактан бери айтылып, элдин канына сиңип калган макал-лакаптардын жыйындысынан турат. Ж.Баласагындын чыгармасы негизининен жазма адабияттын башаты катары оозеки айтылган накыл сөз баяндаган кеменгердик Баласагынга «Куттуу билимди» жаратууга мүнкүндүк алып келди. Махмуд Кашгари түрк тилин абдан изилдөөдө, бул тилдин негизги катмарын ошол мезгилдеги түрк кабарларын канчалык так сүйлөрүн иликтеп келип, уйгур, татарлардын ошол шартта түркчө сүйлөшүүнүн, өздөрүнчө да сөзү, диалектиси бар экендигин далилдеген. Ошол доордун чыгаан тилчи окумуштуусу Махмуд Кашгари өзү айткандай өзү жашаган доордун аралыгында түрк кабарларын кеңири иликтеп, калктардын уруу-урууларына чейин үрп адатын, нарк салтын, ырым-жөрөлгөлөрүн, тилин кылдат баамдап келип "Түрк сөздөр жыйнагын" жараткан болсо, даанышман улуу ойчул акын Ж.Баласагын "Кут алчу билимди" түрк тилинин улуулугун сезип, анын көркүнө суктанарлык деңгээлде жараткан. Аталган улуу дидактикалык чыгарманын мектеп окуучуларын жана студенттерди тарбиялоодо, айрыкча акыл жана адеп тарбиясын берүүдө баа жеткис булак экендиги макаладан орун алган. Албетте, чыгарманын жалпы адамзаттык рухий кенчке айлангандыгы бул макаланын негизги өзөгүн түзөт.

Негизги сөздөр: *«Куттуу билим», дидактикалык ой жүгүртүү, Күнтууду, Айтолду, Акдилмиш, Өткүрмүш, акыл тарбиясы, мектеп окуучуларын тарбиялоо, студенттерди тарбиялоо.*

В статье с педагогической точки зрения проводится анализ образовательно-воспитательных идей произведения Жусупа Баласагына "Благодатное знание", анализ подкрепляется примерами из произведения, подчеркивающими его значение в воспитании человека. Поэму Жусупа Баласагына составляют преимущественно пословицы и поговорки, издревле бытовавшие в народе и составляющие суть народной души. Эта изустно передававшаяся в народе вековая мудрость позволила Жусупу Баласагыну создать «Благодатное знание» как памятник письменной литературы. Махмуд Кашгари основательно изучал тюркский язык данной эпохи, доказав, что уйгуры и татары имели собственное наречие, диалект. В то время как выдающийся языковед Махмуд Кашгари основательно изучил тюркские наречия, постиг особенности традиций, обычаев тюркских племен и создал «Словарь тюркских наречий», выдающийся мыслитель, поэт Ж.Баласагын проникся величием тюркского языка, талантливо воплотив красоту его звучания в поэме «Благодатное знание». Автор статьи приходит к выводу о том, что данное дидактическое произведение является бесценным источником нравственного воспитания школьников и студентов. Главная мысль статьи заключается в осмыслении произведения как общечеловеческого духовного наследия.

Ключевые слова: *«Благодатное знание», дидактические размышления, Кюнтууду, Айтолду, Акдилмиш, Откурмыш, воспитание сознания, воспитание школьников, воспитание студентов.*

From the pedagogical point of view, the article analyzes the educational ideas of Zhusup Balasagyn's book "Grace of Knowledge", the analysis is supported by examples from the work, emphasizing its importance in the education of man. The

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

poem of Zhusup Balasagyn is mainly composed of proverbs and sayings that have long existed among the people and constitute the essence of the national soul. This centuries-old wisdom, orally transmitted among the people, allowed Zhusup Balasagyn to create "Graceful Knowledge" as a monument to written literature. Mahmud Kashgari thoroughly studied the Turkish language of this era, proving that the Uighurs and Tatars had their own adverbs, a dialect. While the prominent linguist Mahmoud Kashgari thoroughly studied Turkish dialects, comprehended the features of traditions and customs of Turkish tribes and created the Dictionary of Turkish dialects, the outstanding thinker, poet J. Balasagyn was imbued with the greatness of the Turkish language, talentedly embodying the beauty of its sound in the poem "Graceful knowledge ". The author of the article concludes that this didactic work is an invaluable source of moral education for schoolchildren and students. The main idea of the article is to comprehend the work as a universal spiritual heritage.

Key words: *«Graceful knowledge», didactic thoughts, Kuntuudu, Aitoldu, Akdilmish, Otkurmysh, education of consciousness, education of schoolchildren, education of students.*

Алмустактан бери сөз өнөрүн, накыл сөздөрү, ой гүлдөрүн баалай билген адамзат тунук акыл эстен жаралып, алтын казынага айланган руханий байлыктарды улам кийинки муунга мурас катары калтырып, коомдун өнүгүшүнө чоң таасирин тийгизип келишкен. Мына ошондой келечек үчүн кам көргөн, чыгармасы алтын казынага айланган улуу ойчул акын Жусуп Баласагын. Биздин доор боюнча 1069-1070-жылдары өзүнүн " Куттуу билимин" жараткан. Жусуп Баласагын Токмоктун түштүк батыш тарабында жайгашкан Буранада жарык дүйнөгө келген. Өз мезгилинде кенен жерди ээлеген, кооз имаратуу, бийик мунаралуу, гүлдөгөн Баласагын калаасында төрөлгөн Жусуптун бала чагы, жигиттик курагы калкы негизинен түрк жана согду тилдеринде сүйлөгөн өз заманында рухий маданияты өнүккөн чөйрөдө өскөнүн, жаратылышы кооз аймакты жердеп, сөз өнөрүн өнүктүрүп, сөз күчүн баалаган көчмөн элдердин тиричилигин, кулк мүнөзүн, тилин, дилин, өнөр билимин кеңири изилдеп, "Кут алчу билим" дастанын 18 айда жаратканы далилдеп турат.

Анын "Кут алчу билим" поэмасы адамдардын мамилесин, ой толгоолорун, жүрүш-туруш эрежелери, милдеттери, адам жашоосунун маңызы, өмүрү жөнүндө кеңири баяндаган, алардын маанисин ачып көрсөткөн, терең мазмундуу, тарбиялык мааниси зор улуу философиялык, дидактикалык чыгарма. Бул чыгарманы өсүп келе жаткан жаш муундар үчүн кеңири пайдалуу, анын тарбиялык ролун терен түшүндүрүү" окутуу процессинде ар тараптык анализдөө өзүнүн үзүрлүү жемишин бермекчи деген ойдобуз. Атам замандан бери эле адамдын асыл дүйнөсүнө жакшылыктын үрөөнүн сээп, өндүрүп, таасирдүү таалимдин жибек учугун урпактан урпакка улантып келген элдик оозеки адабий мурастары экендигин жердешибиз, таасирдүү акын, таасирдүү насаатчы-педагог Жусуп Баласагын "Кут алчу билим" дастанында баяндайт. Бул дастан толуп жаткан акылман насаатка жык толгон дидактикалык ой жүгүртүүлөргө өтө бай. Элдик педагогикалык жемиштүү жана жугумдуу идеяларына терең ынанган даанышман акын;...

Караңгылыктын туткунунда камалып кут билимине туюнуп албагандар өз рухун-ички асыл дүйнөсүн кеңейте албай жарды бойдон калыптыр. Мисалы, дүйнөдө жардылык кемтик эмес, рухий жардылык адам баласын пас, шордууга айлантып, катардан калтыраар... Шаксыз дарак жемишсиз болгондой – руху өнүкпөгөн адамда инсандык касиет, сапат болбойт деген тыянакка келген.

Жусуп Баласагын инсандын жетилүүсүндөгү билимдин, окуунун ролун баалап, билимсиз адам бактылуу боло албайт, инсандын зоболосун билим көтөрөт, билим анын куту, ийгилиги, бактысы деген тыянак чыгарат.

М: "Билимсиз төрөлгөн жан, окуп демек,
Акыл менен үйрөнүп алыс кетет.
Энеден көзүн жарган наристе жан,
Бир гана окуу менен баарын алган".
"Акылдууга бакыт да төп келишет,
Адамга алган билим бакытка эсеп".

Ж. Баласагындын тунук педагогикалык ойлору калк рухунун кызматында кылымдар бою сактала берүүсү эч кимди шектендирбейт. Негизги максат "Кут алчу билим" чыгармасынын негизинде окуучулардын өз көз карашы, түшүнүктөрүн айтып бере алуусуна жетишүү менен аларды акылдуулукка, адептүүлүккө тарбиялоо.

Улуу акындын "Кут алчу билим" дастаны негизинен төрт өзөктөн турат.

1. Адилет – Күнтууду өкүм бийликти ак өтөөгө милдеттүү ак жолду жаза баспас адил, өкүмдар аким ысымы.
2. Айтолду – Өкүмдар акимге ырыс, дөөлөт берер башка вазир ысымы.
3. Акдилмиш - Ак караны билген дили ак, таза адам ысымы.
4. Өткүрүш – Байлыкка, мансапка кызыкпас, кумарга алданбас каниет адам ысымы.

Чыгарманын кириш бөлүмүнөн 11-бөлүмгө чейин акыйкаттык, акылмандык, жөнөкөйлүк, сабырдуулук жөнүндө кеңири токтолуп – булар түбөлүктүү, баалуу экендигин көрсөтөт. Ошону менен бирге,

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

адамдарды ал сапаттарды сактогоо чакырып, кеңештерин айтат.

М; Акылмандар карып эмес, ой багар,
Билим менен акыл табар, ой табар.
Боорукер бол дайым эстүү адам,
Жакшы сапат түбөлүккө карыбаган.
Жакшылык картайбастан жап-жаш калат,
Өмүрү узун болуп данкы чыгат.

Ошондой эле жакшылык иштери жөнүндө, акылдын адамзаттын жашоосундагы орду жөнүндө терең мазмундуу төмөндөгү оюн айтат.

Жакшылык жасап койгон, жасай берет,
Таарынычты унутуп мээрим төгөт.
Жакшы иштан жолу талаал тайгалак,
Дилгир жетет, а жалкоолор кур калат.
Акылы адамзаттын бекем китеп,
Чындык менен адепти кармап жүргөн.

Жусуп Баласагын "Кутуу билим" поэмасы негизги эл оозунда алмустактан бери айтылып, элдин канына сиңип калган макал-лакаптардын жыйындысынан турат. Биз поэмадан башкасын айтпаганда деле "Бактысыздан кут учат", "Жашында мээнет карыганда дөөлөт", "Кутуу үйдө шам жанат", "Кут илимге эшик ачат" деген сыяктуу өзүнүн салмагын жоготпогон, мезгил өтсө да мээрими өчпөгөн даанышман саптардын накыл сөздөрү мол экендигин көрөбүз.

"Кут алчу билим" поэмасынын түп нускасы арап тамгасы менен түрк тилинде жазылган. Табылган үч нусканын бири бапестелип, колдон колго өтүп, азыр Вена шаарында сакталып турушу, анын дүйнөлүк адабияттын "чолпон жылдызы" экендигин далилдейт.

"Кут алчу билим" - саясий-коомдук, социалдык экономикалык, моралдык-этикалык маселерди камтыган түрк эдеринин адабий мурасы.

Жусуп Баласагын элге белек катары арнаган өлбөс дастанын "Кутуу билим" деп атагыны түрк калкынын ишенимдеги бардык жакшылыктардын жышаанын мезгил тастыктады. Чындыгында эле кут, куттуулуктун сыйкыры, касиети экенин чыгарма аныктайт. Өмүрканова "Жусуп Баласагынды окутуу". "Эл агартуу" 07.1989. Махмуд Кашгари түрк тилин абдан изилдеп, бул узак жашай турган тилди ошол мезгилдеги түрк кабарларын кимиси канчалык так сүйлөөрүн иликтеп келип, уйгур, татарлардын ошол шартта түркчө сүйлөшүүнүн, өздөрүнчө да сөзү, диалектиси бар экендигин далилдеген. Ал тургай автор "Түрк сөздөр жыйнагында" накта түрк тилинде сүйлөгөн кыргыз, кыпчак, туксий, чигил, ыйарук кабарлары экендегин жазган. Ошол доордун чыгаан тилчи окумуштуусу Махмуд Кашгари өзү айткандай өзү жашаган доордун аралыгында түрк кабарларын кеңири иликтеп, калктардын уруу-урууларына чейин үрп адатын, нарк салтын, ырым-жөрөлгөлөрүн, тилин кылдат баамдап келип "Түрк сөздөр жыйнагын" жараткан болсо, даанышман улуу ойчул акын Ж.Баласагын "Кут алчу билимди" түрк тилинин улуулугун сезип, анын көркүнө суктанарлык деңгээлде жараткан. Түрк тилчиси Р.Аратанын пикирине караганда "Кут алчу билим" дастанын жазып бүткөндө анын автору 54 жашта экени аныктолсо, анда, Жусуп Баласагын 1015-1016-жылдары дүйнөгө келген. Түрктүн дагы бир окумуштуу тилчиси А.Дильчар болсо Ж.Баласагындын 1018-жылы төрөлгөндүгү жөнүндө айтат. Өз тилине кам көрүп, аны байытып, улам өнүктүрүп турган абдан жагымдуу, ширин сөздү таруудай чубуртуп өз оюн уккан, билгендерин угумдуу, жагымдуу айткан адам Жусуптун ушул азиз эмгегинин билим деңизи экенин ким тана алат. Дегеле жазма адабияттын башаты ага дем берип, көркөмдүк касиетин жетилип, аны түбөлүккө түптөөр курамы да ошол кадимки эл-деги сөз куттуу билимде.

Мына ушул кутту билимди эркин калпып, кырман толо дан кызылын сузган дыйкандай оозеки айтылган накыл сөз баяндаган кеменгердик Баласагынга - "Кутуу билимди" жаратууга мүмкүндүк алып келди.

Академик-түрколог В.В. Радлов Орхон рух жазмасын иликтегенден кийин "Куттуу билик" байыркы уйгур тилинде жазылган деген пикирде элем. "Кутуу биликте" уйгур тилинде эмес деген пикирге келишиме да бир нерсе, өз эне тилинде биринчи китеп экенин көрсөткөн автордун сөзү негиз болуп отурат", -деген оюн билдирет.

Орто Азия элдеринин элдик поэмаларын жана "Кутуу билимди" орус тилине которгон акын Наум Гребнев; "Кутуу билим" дастаны түрктөш элдердин казынасы. Анын мекени кыргыздардын жери эле болгон үчүн эмес, анын мүнөзү, дүйнөсү кыргыздарга жакын", - деп баалуу жана далилдүү оюн айтат. "Куттуу билим" ушул убакка чейин кызыгуу менен окулуп, көп убакыт өткөндүгүнө карабай автордун жаңы мамлекет жана аны башкаруудагы ой пикири, талабы, тарбиялык мааниси, ролу, көрсөткөн жол жобосу азыркы күндүн мыйзам ченемдүү өсүшү, коюлуучу милдеттери эл алдындагы эр адамдын парзы учурдун башкы талаптары менен шайкеш келип.

Бул китепти ирандыктар "Шах китеби" же "Падыша китеби" деп аташса кытайда "Мамлекет түркүгү", арал өлкөлөрүндө "Өкүмдарлар зыйнаты", турандыктар "Куттуу билим", ал эми айрым жерлерде "Өкүмдарга осуят китеп" деп аташкан. Бул китеп азыркы тилде эки жолу басылып, эң биринчи "Кут ал-

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

чуу билим”, экинчи жолу “Куттуу билим” деген аталыш менен жарык көргөн. Котормочу Төлөгөн Козубеков көп эмгек жумшап, китептин түп нускасын бир канча жолу иликтеп чыгып, латын арибиндеги тексти менен салыштырып, машакаттуу да, жоопкерчиликтүү да жумушту жогорку деңгээде аткара алган. Азыркы заманыбыздын алп жазуучусу болгон нукура ойчул Т.Сыдыкбеков китепке кириш сөз жазып,бир канча ишеничтүү далилдер менен дастандын автору, же Баласагын кыргыз перзенти экендигин чыгарма “кыргыз элинин рухунун казынасында кылымдап сакталган сөз куту акындын дилин тынчытпастан шыгын ойготкондугун, кеменгерлигин тереңдетип, чеберчилигинин жетилгендигин” таасын далилдеп көрсөтпөдүбү. Ошентип, “Кутту билим” дастанынын автору теги боюнча кыргыз элине таандык экендиги илимде эчак эле таанылып, акыркы жылдары бир канча илимий макалалар, китептер жарыялангандыгы чеке жылытаарлык нерсе.

Заманыбыздын улуу жазуучусу Чыңгыз Айтматов айткандай: “Кол жазмалары Каир менен Венада сакталып турган Жусуп Баласагын кыргыз элинин сыймыгы болуп кала берет”.

1.3. Эралиев “Бабабызга таазим этип”. “Заман” газетасы 14.06.1996.

Ошентип, Жусуп Баласагыныбыз дүйнөдө теңдеши жок дастаны “Кутту билимди” кыргыздардын Карахан мамлекетинин башкаруучусуна атайын белек катары тартуулашы да бекеринен эмес. Анткени жаңыдан түптөлүп келе жаткан феодалдык мамлекеттин башкаруучусуна өлкөнү бийлөөнүн жол-жобосун көрсөткөн, карапайым эл менен болгон мамиле, элдин муктаждыгы, мүдөөсү, жашоо шартын жогорулатуунун жолдору, коңшулаш өлкөлөр менен болгон байланышы жана башка толуп жаткан маселелер жөнүндө элестетүү, түшүнүк, маалымат берүү, жаңы багытка үндөө, баштоо зарыл болчу.

Адабияттар:

1. Жусуп Баласагын. Кут алчу билим (кыргыз тилине которгон Т.Козубеков). - Фрунзе: Кыргызстан, 1988.
2. Юсуф Баласагунский. Благодатное знание. - М., 1984.
3. Древнетюркский словарь. - Л.: Наука, 1969.
4. Жусуп Баласагын. Кутты билик. (казак тилине которулган). - Алмата: Жазушы,1986.
5. Сыдыков С. Баласагындык Жусуптун “Кут билими” // Кыргызстан маданияты, 1989, 30-май.
6. Артыкбаев К. Акыйкат сабагы. - Б., 1991. - 5-52-беттер.
7. Субанов К. Жеңижоктун чыгырмачылыгындагы эстетикалык ой жүгүрүүлөр: Окуу куралы. - Б. : “ДАМУ”, 2008 - 232 б.
8. Эралиев З. Ж.Баласагындын “Кут алчу билим” дастаны. Окуу куралы. - Бишкек: КМУ, 1995.
9. Абдразаков А. Ж.Баласагындын “Кут алчу билим” дастаны. Окуу куралы. - Бишкек: КМУ, 1998.
10. Мурас. - Фрунзе: Адабият, 1990.
11. Кыргыздар (түзгөндөр: К.Жусупов, К.Иманалиев). - 1-китеп. - Бишкек, 1991.